**Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунушталган "Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздери" аттуу темадагы диссертациясылык ишине расмий оппонент, юридика илимдеринин кандидаты Сатимкулов Убайдулла Акилбековичтин**

# ПИКИРИ

**1.Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Шайлоо системасы укуктук мүнөзгө ээ, мамлекеттеги демократиянын орношуна, жарандардын мамлекетти башкаруусуна жол ачып, мамлекеттин өнүгүп өсүшүнө салым кошуп жана мүмкүнчүлүк берет. Жарандардын конституциялык укугу коомдогу турмуштун бардык чөйрөсүндө анын үстөмдүгүн камсыздайт. Бийлик эл үчүн иштеп, бийликтен жогору бир гана эл турат деген кепилдигин шайлоо системасы Конституцияга таянып камсыздап берет.

Шайлоо менен байланыштуу процесстер 2005-жылдан баштап коомчулукта кызуу талкууга алынып жана илимий изилдөонүн актуалдуу темаларынын катарын толуктайт. Укуктук мамлекетти куруунун негизги максаты, бул жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылып берүү болуп эсептелинет, ал эми демократиялуу мамлекетте конституциялык укуктардын эң маанилүүсү болуп, жарандын шайлоо жана шайлануу укугунун ишке ашырылышы болуп эсептелинет.

Кыргызстандын 33 жыл эгемендүүлүгүнүн акыркы 10 жыл ичинде шайлоо институту чоң өзгөрүүлөргө дуушар болгондугун изденүүчү диссертациялык иштин баптарында, бөлүмдөрүндө талдап, аныктап бере алды. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мажоритардык, пропорционалдык жана аралаш шайлоо системаларын колдонуу аркылуу шайлап келингендиги жана шайлоо процессиндеги кемчиликтер талданып, тизмеленип берилген. Мисалга алып карасак изденүүчү, шайлоо системасында автоматтык эсептөө урналары ишке кирүүгө чейинки эски бурмалоонун түрлөрү деп төмөндөгү мыйзам бузууларды белгилеген:

- бир эле адамдын кайра-кайра добуш берүүсү («Айлампа» ыкмасын колдонуу);
- добуш берүүнүн жыйынтыгын бурмалоо, бюллетендерди саноодо жана добуштардын жыйынтыгын чыгаруудагы процедуралардын бузулушу;



КНУ им. ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 17/2
«26» 11 2024г.

- каза болгон жарандардын шайлоо тизмесине киргизилиши (мертвые души);
- маалымат алууга мүмкүнчүлүктү чектөө (мисалы, оппозициялык маанайдагы гезиттерди, айталы, 2005-жылдагы парламенттик шайлоо учурунда «Республика», «МСН», «Агым» гезиттерин таратууга тыюу салуу).

Ошондой эле изденүүчү шайлоо системасына санариптешүү реформасы 2015-жылы ийгиликтүү ишке ашырылгандыгын жана анын негизинде шайлоонун жыйынтыгын бурмалоо дээрлик кыйындагандыгына токтолуп, аныктап берүүгө аракет көрүлгөн. Шайлоо системасына санариптешүү киргизилген соң, төмөндөгү мыйзам бузуу жолдору колдонууга киргизилгендигин белгилеген:

- шайлоочулардын добушун сатып алуу;
- оппозициялык маанайдагы талапкерлердин мүмкүнчүлүктөрүн чектөө.

Изденүүчү илимий изилдөөсүнүн негизинде көйгөйлөрдү талдап, аныктап, далилдеп берген соң төмөндөгү тынянакка токтолгон: “шайлоо системасына киргизилген жаңы өзгөрүүлөр – автоматташтырылган эсептөө урналар, биометрикалык паспорт, шайлоочулардын электрондук ачык тизмеси шайлоо процессинин таза жана ачык мыйзам тааласында өтүлөрүүнө кепилдик бербейт, буга далил катары 2020-жылдын 4-октябрь айындагы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутатынын шайлоосунун жыйынтыгы жокко чыгарылгандыгы далил боло алат”.

**2. Диссертацияларга карата коюлган талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар.**

Диссертациялык иште юридика илимдеринин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген натыйжалар алынган:

**1-натыйжа.** Изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын күчтүү жана алсыз жактарын аныктоого, ошондой эле аны өркүндөтүүнүн мүмкүн болгон жолдоруна өзгөчө көңүл бурган.

**2-натайжа**. Изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин изилдөө аркылуу шайлоо системасын түшүнүүгө, өркүндөтүү үчүн потенциалдуу багыттарын аныктоого, демократиянын жана укуктук мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылууга маанилүү аспект катары баалап, кылдат изилдөө жүргүзгөн.

**3-натыйжа.** Изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасын талдоо үчүн изилдөөнүн ар кандай ыкмалары колдонуларын, анын ичинде ченемдик укуктук актыларды, салыштырма талдоо, социологиялык сурамжылоолор, эксперттик баалоолор саналат деп белгилеп колдонууга алган.

**4-натыйжа.** Изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3-беренесине "натыйжалуулук" принциби менен толуктоо, ошондой эле ушул эле мыйзамдын 23-беренесин, 14-бөлүк "*Аймактык, участкалык шайлоо комиссиясы өзүнүн ыйгарым укуктарын жана тиешелүү участкасында шайлоочулардын шайлоого катышуусунун пайыздык көрсөткүчтөрү 50% 70% 90% жогору болуу учурда тиешелүү участактын мүчөлөрүн сыйлоо каралсын*" деген толуктоолорду киргизүүнү сунуштаган.

**5-натыйжа.** Изденүүчү, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза жана укук бузуулар жөнүндө кодекстеринин негизинде конкреттүү укук бузууларды аныктап жана тиешелүү жоопкерчиликке тартылуу тууралуу талдоонун негизинде иш алып барган. Изденүүчү "*добуш сатып алуу*" боюнча шайлоо процессиндеги мыйзам бузуулар үчүн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесин 3-бөлүк менен добушун саткан шайлоочуну жоопкерчиликке тартуу боюнча өзгөртүү киргизүүсүн сунуштаган.

**6-натыйжа.** Изденүүчү КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин 7- бөлүгүн өзгөртүүнү сунуштаган: "*Мандаттарды бөлүштүрүүдө алгач шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген талапкер алат. Мандат бошогон учурда, шайлоочулардын добуштарынын кыйла көп добушу берилген экинчи талапкерге берилүүсү каралсын. Кезектеги талапкер тиешелүү бир мандаттуу шайлоо округунан шайлоого катышкан шайлоочунун 0,25 % алуусу шарт. Эгерде кезектеги талапкерлер тиешелүү пайыздуулук көрсөткүчүн алалбаса анда мыйзамда каралган мөөнөттө кайра шайлоо дайындалат*".

**7-натыйжа.** Изденүүчү КРнын ЖКнин депутатына талапкерлердин тизмесинин сапатынын жакшырышы анын ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга, кабыл алынган ченемдик-укуктук актылардын сапатын жакшыртууга жана коомдун мыйзам чыгаруу бийлигине болгон ишенимин бекемдөөгө алып келүү укуктук мамлекетти өнүктүрүүгө жана коомдо мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылууга өбөлгө түзөт деп, КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинин, 2-бөлүгүнө өзгөртүү киргизүүнү сунуштаган: "*Шайлоо күнүнө карата 25 жашка толгон, шайлоого укугу бар, жогорку кесиптик билими бар, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 3 жылдан кем эмес эмгек стажы бар, же болбосо жергиликтүү кеңеште бир чакырылыштан кем эмес депутаттык стажы бар КРнын ЖКнин депутаты болуп шайлана алат*".

**8-натыйжа**. Изденүүчүү, КРнын Конституциясына толуктоо киргизүүнү сунуштаган: Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 2-беренесинин 4-бөлүгүн "*Шайлоолор жана референдумдар эркин, жалпыга бирдей, тең жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт. Кыргыз Республикасынын 18 жашка толгон жарандары шайлоо укугуна ээ болот жана катышууга милдетүү*". Ошондой эле жогорудагы сунушка байланыштуу Конституциянын 37-беренесинин 1-бөлүгүнө да өзгөртүү киргизүү негиздүү деп сунуштаган: "*Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайланууга укукту, ошондой эле референдумга, президенттик шайлоого, КРнын ЖКни менен жергиликтүү кенештин депутатын шайлоого катышууга укуктуу жана милдеттүү*". Изденүүчү берген сунушун илимий иште аныктап, негиздеп бере алган.

**3. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун ишенимдүүлүгүнүн жана негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжалардын ишенимдүү жана негиздүү экендиги колдонулган методологиялык аппарат менен аныкталат.

**1-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, изденүүчү бийлик бутактарынын биргелешип иштөө идеясынын жалпы максаты, бул шайлоонун ачык-айкындуулугу, адилеттүүлүгү жана аныктыгын камсыз кылуу үчүн ар кандай мамлекеттик бийлик институттарын жана органдарын интеграциялоо зарылдыгын баса белгилеп аныктап бере алган.

**2-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн ачып берүү максатында эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый аспектилерин этаптарга бөлүп аныктап бере алган.

**3-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, изденүүчү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын конституциялык-укуктук жана методологиялык негиздерин баалоодо юридика, тарых, саясат таануу, социология илимдеринин методологияларынын ыкмаларын колдонуу аркылуу шайлоо системасынын натыйжалуулугун жана адилеттүүлүгүн, ошондой эле анын демократиялык стандарттарга жана принциптерге шайкештигин аныктоодо колдоно алган.

**4-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, себеби изденүүчү шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасы боюнча чет элдик жана ата-мекендик тажрыйбаларды талдап, анын негизинде Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасынын түзүлүшүнө жалпы мүнөздөмө берип, Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум

өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамынын 3- жана 23-беренесинин логикалык уландысы катары негиздүү сунуш киргизген.

**5-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, себеби изденүүчү ченемдик-укуктук базага таянып юридикалык жоопкерчиликке тартуу механизмдерине токтолуп, добушун саткан шайлоочунун жоопкерчилигин күчөттүрүү негиздүү экендигин аныктап, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 196-беренесинин 3-пунктуна толуктоо киргизүү керектигин талдап бере алган.

**6-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, изденүүчү Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешин түзүүдө шайлоо системасы маанилүү экендигин жана шайлоо өткөрүү процессинде мыйзамдуулук принцип олуттуу болгонун аныктап, шайлоочунун шайлоого катышкан санынын төмөндөөсүнүн негиздерин социологиялык методологиясын колдонуу аркылуу талдап, КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамына жаңы сунуш киргизген. Изденүүчү социологиялык талдоону колдонуусу негиздүү, себеби бул талдоо өзүнө демография менен миграциянын жыйынтыгын камтыйт.

**7-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, изденүүчү саясий партиялардын шайлоо процессинин калыптандыруусуна тийгизген таасирин талдоодо статистикалык ыкмаларды негиздүү колдонуп, шайлоочунун шайлоого активдүү катышуусуна таасир бере алган аспект катары талапкердин ролун талдап, анын ичинен гендердик катышуу менен талапкердин жаш курактарын да талкуулап ачып бере алган. Жыйынтыгында шайлоо системасына саясий партиянын тийгизген ролун аныктап, КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө КРнын конституциялык Мыйзамына жаңы сунуш киргизген.

**8-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, изденүүчү Кыргыз Республикасынын жараны Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эгемендиктин ээси жана мамлекеттик бийликтин башында турарына токтолуп, укуктук жана саясий талдоо аркылуу жарандын өзүнүн шайлоо укугун ишке ашырууга умтулуусун өркүндөтүү, өстүрүү маселеси биринчи орунда турарын аныктап, негиздүү сунуш иштеп чыккан.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирилген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

Алынган натыйжалардын азыркы илимдин алкагында илимий жацылыгы бар жана алар төмөнүлөрдө камтылат:

**1-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын эгемендүү күнүнөн берки шайлоо процесстери жана 2024-жылдын 30-июнунда кайра

шайлоонун жыйынтыгына чейин талданып, системанын түшүнүгүн салыштырмалуу жыйынтыкталып берилгени жаңы.

**2-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын шайлоо системасынын тарыхый негиздерин ачып берүүдө изденүүчү илимий изилдөөнүн негизинде эгемендүү Кыргыз Республикасында шайлоо системасынын калыптануусун жана өнүгүүсүн этапташтыруунун жаңы көз карашы сунушталды.

**3-натыйжа.** Илимий сунуштун жаңылыгы шайлоо процесстерин баалоо жана талдоо үчүн колдонулган теориялык түшүнүктөр, методологиялык ыкмалар, эки кадам менен аныкталып изилденгендигинде жатат.

**4-натыйжа.** Илимий сунуштун жаңылыгы шайлоочулардын шайлоого катышуусунун активдүүлүгүн жогорулатууда Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссияларынын бирдиктүү системасынын ролу талданып, тиешелүү мыйзамга толуктоолорду киргизүү сунушунда илимий жаңылык орун алган.

**5-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодексинин конкретүү беренесине толуктоо киргизүү аркылуу, шайлоонун жыйынтыгын бурмалоодо кеңири колдонулган "добуш сатып алуу" механизмин токтотуу боюнча сунуш катары иштелип чыккандыгында илимий иштин жаңылыгы бар.

**6-натыйжа.** 2020-жылдын 5-майында кабыл алынган Конституциянын негизинде КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоосуна киргизилген өзгөрүүлөрдү талдап жана анын негизинде КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамында каралган бир мандаттуу округдан шайланып келген депутаттын мандаты бош калган учурдагы процедурага өзгөртүү киргизүү сунушталгандыгы иштин жаңылыгын белгилейт.

**7-натыйжа.** Шайлоо системасын калыптандырууда саясий партиялардын ролу талданып, КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын 59-беренесинде талапкерлерге карата коюлган талаптарды жогорулатуу боюнча сунуш киргизилген. Саясий партиянын жана жеке талапкердин жоопкерчилигин көтөрүп, шайлоочунун шайлоо системасына болгон ишенимин жогорулатуу аркылуу бир нече терс учурларды жокко чыгаруусу негизделип берилген сунушта илимий жаңылык бар.

**8-натыйжа**. Шайлоо системасынын конституциялык-укуктук негиздерин камсыз кылууга укуктук базаны өркүндөтүү үчүн Конституциянын конкретүү беренелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча жаңы сунуштардын иштелип чыгышында жаңылык бар.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдиги жана тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана практикалык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изилдөө ишинин жүрүшүндө алынган негизги натыйжалар иште берилген жоболор, анын негизинде каралган сунуштар ырааттуулугу менен айырмаланат. Илимий иштин темасы боюнча изденүүчүнүн тажрыйбасы анын ой-жүгүртүүсүнө, ишти түзүүдөгү логикалык байланыштарына туура салым кошуп берди. Бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлгөн.

Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну жана алынган натыйжалары шайлоо системасын камтыган маселелерди чечүүгө багытталган, бул жалпысынан юридикалык илимди, аны менен бирге КРнын Президентин жана КРнын ЖКнин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык Мыйзамынын, КРнын Кылмыш-жаза жана укук бузуулар Кодексинин, КРнын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө мыйзамын жана башка мыйзамдарды өнүктүрүү үчүн мааниге ээ.

Диссертацияда изденүүчүнүн юридика илимине кошкон жеке салымын күбөлөндүрүүчү бир катар жаңы илимий натыйжалар жана жоболор камтылган. Эгемендүү Кыргыз Республикасынын шайлоо системасындагы көйгөйлөр талданып, аны чечүү жолдору негизделип, сунуштар киргизилген жана ыкмалары жетиштүү деңгээлде аргументтештирилип, сынчыл көз караш менен бааланган.

6. **Диссертацияда баяндалган жыйынтыктарды алууга изденүүчүнүн конкреттүү жеке катышуусу.**

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда изденүүчүнүн 2015-жылдан 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиянын Шайлоо технологиялар борборунун жетекчиси катары эмгектенип келгендиги жана 2008-жылдан бүгүнкү күнгө чейин И.Арабаев атынагы КМУда ага окутуучу катары эмгектенип, шайлоо системасы боюнча илимий тарабынан да иш жүргүзүп келет. Профессордук-окутуучулук курамдын катарында эмгектенип келгендигине байланыштуу диссертациялык теманын алкагында бир окуу - методологиялык колдонмо, 11 илимий макаласы басылып чыккан. Ошондой эле илимий темасына байланыштуу кошумча сабактарды өтүп шайлоо системасынын алкагында тажрыйбасын ардайым жогорулатып келген.

Жогоруда маалыматка ылайык диссертациялык иште жургүзүлгөн талдоолор, баяндалган жыйынтыктар менен сунуштарды иштеп чыгууда изденүүчүнүн жеке катышуусу бар экендиги тастыкталат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын жана корутундусун жарыялоо жана ырастоо.**

Диссертациялык теманын алкагында жүргүзүлгөн изилдөө ишинин натыйжалары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кеңеш берилген бир катар ата-мекендик жана РИНЦ базасы менен индекстелген басылмаларда төмөндөгү 11 илимий макала жарыяланган экен:

1. Абдылдаева Н.У. Автоматически считывающие урны в избирательном процессе КР [Текст] / Н.У.Абдылдаева, А.Акматова // Вестник КРСУ. – 2018. Том 18. №3. – С. 46-48.
2. Абдылдаева Н.У. Анализ избирательной системы КР в период с 1991 по 2017гг. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2019. №1. С – 245-250.
3. Абдылдаева Н.У. Избирательный процесс в КР.[Текст] / Н.У.Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 12 (58) г.Москва, 2019.– С.300-305.
4. Абдылдаева Н.У. Выборы 2020 – новый этап избирательного процесса [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Вестник КРСУ. – 2021. Том 21. №3. – С. 78-82.
5. Абдылдаева Н.У. Приоритетное направление развития избирательной системы КР. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 4 (74) г.Москва, 2021. – С. 188-190.
6. Абдылдаева Н.У. Парламентские выборы КР по новой избирательной системе: ожидания и последствия. [Текст] / Н.У. Абдылдаева // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 8 (78) г.Москва, 2021. – С. 143-145.
7. Абдылдаева Н.У. Политика цифровизации в КР на примере избирательной и налоговой системы. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, О.Сатыбалидев // Евразийское научное объединение (ЕНО). № 12 (82) г.Москва, 2021. – С. 143-145.
8. Абдылдаева Н.У. КРнын шайлоо системасындагы көйгөй – шайлоочунун шайлоо маданияты. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Scientific journal ALATOO ACADEMIC STUDIES. 2022. №2. г.Бишкек, – С.193-199.
9. Абдылдаева Н.У. КРнын өнүгүү жолундагы конституциялык реформалардын ролу. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, // Известия НАН КР. 2022. №3. – С.187-191.
10. Абдылдаева Н.У. Конституционно-правовые основы избирательной системы КР. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, К.К.Сарымсаков // Известия НАН КР. 2022. №3. – С.203-208.

11. Абдылдаева Н.У. 2023-жылдын 28-майында КРнын Жогорку Кенешинин депутатын мөөнөтүнөн мурда өтүлгөн №26 Ленин бир мандаттуу шайлоонун жыйынтыгы. [Текст] / Н.У. Абдылдаева, // Scientific journal ALATOO ACADEMIC STUDIES. 2023. №3. г.Бишкек, – С.367-375.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюмеси бирдей чагылдырылган.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча эскертүүлөр.**

Диссертациялык изилдөөдө Абыдлдаева Н.У. тарабынан жеке тажрыйбасына басым жасалып, илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк иш болуп саналат. Диссертациялык иш менен таанышуу учурунда изденүүчүнүн шайлоо системасындагы инновациялык өзгөрүүлөргө басым жасап, анын негизинде шайлоо системасынын тарыхын этаптарга бөлүп карап, жана ар бир этаптардагы шайлоонун жыйынтыктарын бурмалоодогу механизмдерге токтолуп, чечүү жолдорун сунуштаган. Бирок ошол эле учурда акыркы жылдарда мамлекеттик системасына, анын менен бирге шайлоо системасына **“блокчейнди”** колдонууга киргизилүүсү тууралуу илимий изилдөө чөйрөсүндө актуалдуу тема экендигине карабастан изденүүчү **“блокчейн”** тууралуу диссертациялык ишинде караган эмес.

Бүгүнкү күндө эксперттер блокчейнди колдонуу менен шайлоонун системасын өнүктүрүүдөгү оң кадам болору тууралуу пикирлерин билдиришип, жана технологияны колдонуунун башкы максаты, бул шайлоонунун жыйынтыктарын бурмалоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруусу менен биргеликте маалыматтын купуялуулугун сактоодо кепилдик берүүсүн жогорулатат экендигин маалымдап келишет. **“Блокчейн”** бүгүнкү күндө актуалдуу тема, бирок берилген эскертүү диссертациялык иштин жалпы сапаты менен мазмунуна шек келтирбейт, эскертүүнүн максаты изденүүчү илимий ишин улантуусунда эске алуусу боюнча сунуштама мүнөзүндө берилди.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окмуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобосуна (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) ылайык келиши.**

Жалпысынан алганда Абдылдаева Наргиза Уркасымовнанын илимий изилдөө иши, 12.00.02 – конституциялык укук, муниципилдык укук

адистигине ылайык келет жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын “Окмуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө” Жобосуна ылайык келет (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Жарлыгы) жана илимий иштерге карата коюлган бардык талаптарга толук жооп берет.

**11. Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон иш катары кароого болот. Илимий ишти конституциялык укук илиминин өнүгүшүнө кошкон жеке салымы катары кароого болот.

Жогорудагы маалыматтарга ылайык, Абылдаева Наргиза Уркасымовна 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу деп белгилейм.

**Оппонент,**
**Бишкек шаарынын**
**Биринчи май райондук сотунун**
**судьясы, ю.и.к.** ______________ **Сатимкулов У.А.**

*Кол тамгасы тастыкталат:* бөлүм башчысы Арыкбаева К.Э.